**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**
**Кеңешинин отурумунун**
**№1 ПРОТОКОЛУ**

**2021-жылдын 30-сентябры** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.
**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О.,Үсөн уулу М., Каримов К.Ж.,ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2021-2022-окуу жылына карата Окумуштуулар Кеңешинин курамын тааныштыруу.
2. 2021-2022-окуу жылына карата Окумуштуулар Кеңешинин иш планын жана факультеттин иш-планын бекитүү.
3. 2021-2022-окуужылынакаратафакультеттинокуужүктөмдөрүнүнбөлүштүрүлүшүнүнабалы.
4. Ар түрдүү маселелер.

**1. 2021-2022-окуу жылына карата Окумуштуулар Кеңешинин курамын тааныштыруу.**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев2021-2022-окуу жылына карата Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамы менен тааныштырып, анын ичинен эки мүчөсү шартка байланыштуу келе албай калгандыгын, ошентсе да кворум бар экендигин билдирди жана окумуштуулар кеңешинин курамынбыйылкы окуу жылына кайрадан жаңылап бекитүүнү добушка койду.

Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Окумуштуулар кеңешинин курамы бир добуш менен бекитилди.

**2. 2021-2022-окуу жылына карата Окумуштуулар Кеңешинин иш планын жана факультеттин иш-планын бекитүү.**

2021-2022-окуу жылына карата Окумуштуулар Кеңешинин иш планы жана факультеттин иш-планы менен Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев жалпы курамды толук тааныштырып өттү.Андан соң декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу М., Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О.жана Окумуштуулар Кеңешинин жалпы курамы аны талкуулашты жана кээ бир жерлерин оңдоп, түзөтүүлөрдү киргизишти. Мындан кийин талкуулоонун негизинде Окумуштуулар Кеңешинин жана факультеттин иш-планын бекитүүнү төрага добушка койду.

Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

ОкумуштуулярКеңешинин жана факультеттин иш-планы бир добуш менен бекитилди.

**3. 2021-2022-окуу жылына карата факультеттин окуу жүктөмдөрүнүн бөлүштүрүлүшүнүн абалы.**

2021-2022-окуужылынакаратафакультеттинокуу жүктөмдөрүнүнбөлүштүрүлүшүнүн абалы менен тааныштырып, Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О. баяндама жасады. Баяндамада ал ушул окуу жылына карата факультеттин окуу жүктөмдөрүнүн бөлүштүрүлүшү жөнүндө толук маалымат берди жана ар бир окутуучуга бөлүнгөн предметтер боюнча окуу-усулдук комплекстерди тез

арада даярдап, бүтөрүп берүүсүн, сабактар толук өтүлүүсүн окутуучулардан талап кылды. Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы 2021-2022-окуу жылына карата бөлүнгөн окуу жүктөмдөрүнүн бөлүштүрүлүшү канааттандырарлык деп табылуусундобушка койду.

1. Макул – 13;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Бир добуш менен бөлүштүрүлгөн окуу жүктөмдөрүн канааттандырарлык деп табышты.

**4. Ар түрдүү маселелер.**

**1.** Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаир2021-2022-окуу жылына Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын 532300 "Кытай таануу", 531100 "Лингвистика" жана "Филология" багыттарына кабыл алынган студенттердин абалы жана алардын AVN системасына киргизилиши жөнүндө айтып, 1-курстардын сабактарынын жадыбалы да толук түзүлүп, бекитилип, AVNге, Келбилге жайгаштырылгандыгын билдирди.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Айтикеев Т.К. жасалган баяндаманы канааттандырарлык деп табылуусун добушка койду.

Макул – 13;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Жасалган баяндама бир добуштан канааттандырарлык деп табылды.

**2.** Кыргыз-Кытай факультетинин ички структурасы боюнча жооптуулар 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн өздөрүнүн иш пландары менен тааныштырып, баяндама жасашты. Алсак, факультеттин Усулдук кеңешинин төрайымы Абдыкаарова Т. Усулдук кеңештин иш планы, тарбия иштери боюнча декандын орун басары Каримов К. тарбиялык иштердин иш планы, практика боюнча жооптуу Пазылов Т. практика иштери боюнча иш планы, эл аралык байланыштар боюнча жооптуу Мааткеримова А. Эл аралык байланыштар боюнча иш планы, илимий иштер боюнча жооптуу Төрөкелди кызы А. илимий иштер боюнча иш планы, кесипке багыт берүү иштери боюнча жооптуу Шамшиев Н. кесипке багыт берүү иштери боюнча иш планы, магистратура боюнча жооптуу Алымбекова В. Магистратура бөлүмүнүн иш планы менен тааныштырышып, иш пландар талкууланды.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Айтикеев Т.К. түзүлгөн иш пландарды бекитүүнү сунушка койду.

Макул – 13;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Түзүлгөн иш пландар бир добуштан колдоого ээ болуп, бекитилди.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн Окумуштуулар кеңешинин курамы бекитилсин.
2. 2021-2022-окуу жылы үчүн факультеттин Окумуштуулар кеңешинин жана факультеттин иш-планыбекитилсин.
3. 2021-2022-окуужылынакаратабөлүштүрүлгөн окуу жүктөмдөрү канааттандырарлык деп табылсын.
4. 4.1. 532300 “Кытай таануу”, 531100 “Лингвистика” жана “Филология” багыттарына кабыл алынган 1-курстагы студенттердин абалы жана алардын AVN системасына киргизилиши канааттандырарлык деп табылсын.
   4.2. Факультеттин ички структурасы боюнча түзүлгөн иш пландар бекитилсин.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** **Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **М.М. Таштанова**